**ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар иниституnун АССТ кафедрасынын кезектеги отурумунун**

**№ 2 - ПРОТОКОЛУ**

**16-октябрь, 2024-жыл.**

*Катышкандар:*

АССТ кафедрасынын ПО курамы (18 катышты, 1 себептүү, 3 келген жок)

*Күн тартибинде каралуучу маселелер:*

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү *(Баяндамачылар: Кураторлор)*,
2. Студенттердин билимин диогнастикалоо (тест, текшерүү иш) мониторингдин жыйынтыгын талкулоо жана бекитүү *(Баяндамачы: окутуучу Ильичбек кызы Айкөкүл)*,
3. Ачык сабактардын планын талкулоо жана бекитүү (окутуучулар Токтосун кызы М, Ильичбек кызы А.) өтүлгөн ачык сабактардын планын талкулоо,
4. Модулдук системага карата түзүлгөн учурдук, аралык, жыйынтык текшерүү каражаттарынын фондун талкулоо жана бекитүү (Кафедранын ПО курамы),
5. Ар түрдүү маселелер.

*1-маселе:* Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү (*Баяндамачылар:кураторлор)*,

*Угулду:* Жыйындын төрагасы, тех.и.к., доцент Кудуев А.Ж. - Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча маселени талкууга коюп, Мамлекеттик тил 1989-жылы 23-сентябрында кабыл алынып, быйыл мамлекеттик тилди кабыл алуунун 35-жылдыгына карата кураторлор тарабынан студенттерге кураторлук сааттарда иш чаралар уюштурулуп, протоколдоштурулушун эскертти.

*Чечим:* Тил саясатын өркүндөтүү боюнча кураторлук сааттар өтүлсүн.

*2*-маселе: Студенттердин билимин диогнастикалоо (тест, текшерүү иш) мониторингдин жыйынтыгын талкулоо жана бекитүү *(Баяндамачы: окутуучу Ильичбек кызы Айкөкүл)*,

*Угулду:* бул маселе боюнча кафедрада мониторинг боюнча жооптуу окутуучу Ильичбек кызы Айкөкүл улады: Жаңы окуу жылында кабыл алынган башталгыч агымдардын тайпалар арасында жүргүзүлгөн, дициплиналар боюнча мониторингди ОшМУнун адмнистративдик кеңешинин №17 протоколунун чечими менен, жактырылып Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган, 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №6 протоколунун чечими менен кабыл алынган жобосуна ылайык суроолору түзүлүп, жалпы 5 агымдан 116 студент катышкандыгын, жана алардын предметтер боюнча жетишүүлөрүн көрсөттү.

*Жарыш сөзгө чыкты:* п.и.к. доцент., Омаралиев А.Ч.- Агымдар арасында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгынын сапаттык көрсөткүчү эмес жалпы тайпалар боюнча жыйынтык деп берүү туура экендигин, мониторингдин негизги максаты студенттердин мектептеги алган билиминин жыйынтыгын диагностикалоо, эсептелээрин кээ бир дициплинага тиешелүү болбогон предметтерди кошуу зарыл эмес экендигин белгиледи.

*Жарыш сөз:* Окутуучу Ильичбек кызы А. - дициплинага тиешелүү эмес предметтерди мониторингге кошпоо, жобого ылайык келбээрин, мисалы: информатика дициплинасынан жооптуу кафедралар мониторинг иниституттун жалпы 1-курстары арасында жүргүзгөн биздин кафедра дагы жүргүү зарылбы деген маселени койду.

*Жарыш сөзгө жооп катары:* кафедра башчы кафедрага тиешелүү азыркы жүргүзүлгөн диагностика туура келээрин белгиледи.

*Чечим:* Мониторингдин жыйынтыгынын негизинде агымдар аралык студенттердин билимдерин бышыктоо максатында кафедра тарабынан тиешелүү предметтер боюнча кружоктор уюштурулсун.

*3-маселе:* Ачык сабактардын планын талкулоо жана бекитүү (октябрь айында ачык сабак өтө турган окутуучулар Талипов А.К., Илиязова Н.) өтүлгөн ачык сабактардын планын талкулоо (Сентябрь айында ачык сабак өткөн окутуучулар Токтосун кызы М., Ильичбек кызы А.).

*Угулду:* жыйындын төрагасы октябрь айында өтүлө турган ачык сабактардын иштелмелерин талкууга койду жана өтүлгөн ачык сабактардын жыйынтыгы сабак учурунан кийин талкууга алынып, ачык сабакка катышкан окутуучулардын сунуш пикирлери айтылгандыгын белгиледи.

*Жарыш сөз* - Кафедранын улук окутуучусу Сейитказыева Г.И. – Сентябрь айына пландалган ачык сабактар өз убагында өтүлгөндүгүн баса белгилеп, кийинки айда өтүлүүчү ачык сабактардын иштелмелерине, силлабусстарына болгон сунуш пикирлерин айтып, ачык сабакты өтүүгө  сунушун берди.

*Чечим*: Өтүлгөн ачык сабактар жактырылсын, кийинки өтүүчү ачык сабактардын иштелмелери жактырылсын, өз убагында өтүлсүн.

*4*-маселе: Модулдук системага карата түзүлгөн учурдук, аралык, жыйынтык текшерүү каражаттарынын фондун талкулоо жана бекитүү *(Кафедранын ПО курамы)*,

*Угулду*: Жыйындын төрагасы жаңы окуу жылынын 1-2-модулдук системаларына карата ар бир дициплинадан учурдук, аралык, жыйынтык текшерүү каражаттарынын фондун ар бир окутуучу окутуп жаткан предметтеринен түзүп чыгуусу зарыл экенидигин баса белгилеп маселени талкууга койду.

*Жарыш сөзгө чыкты:* Кафедранын окутуучусу Ажибекова А.Т. - Окутулуп жаткан дициплиналар боюнча учурдук аралык, жыйынтык текшерүүдөрдүн базасын баардык окутуучулар бирдей тартипте, бир базага топтоо үчүн бир үлгү катары жобонун негизиндеби иштелме берилүүсүн, же кафедра тарабынан бир үлгү даярдалуусун сунуштады.

*Чечим:* Ажибекова А.Т.нын сунушу жактырылып, дициплиналар боюнча учурдук аралык, жыйынтык текшерүүдөрдүн базасы 2024-жылдын декабрь айына чейин иштелип чыгылсын.

*5-маселе:* Ар түрдүү маселелер;

*Угулду:* Жыйындын төрагасы: Кудуев А.Ж.- Сентябрь айында кафедранын доценти Омаралиев А.Чтин “Тестерди түзүүнүн жана анализдөөнүн методикасынын негиздери” аталышындагы өтүлгөн илимий семинарды талкууга койду:

*Жарыш сөзгө чыкты:* Кафедранын доценти, Беделова Н.С. - Кесиптешинин “Тестерди түзүүнүн жана анализдөөнүн методикасынын негиздери” аттуу темадагы илимий семинардын максаты окутуучулардын учурдук,  аралык, модулдук, экзамендик билеттерди түзүүдө түрдүү методикаларды колдонуунун усулуна дал келээрлигин, өтүлгөн илимий семинар жаш окутуучуларга жана жалпы кафедранын, ПО курамынын ишмердүүлүгүн арттыруу максатына, ылайык экендигин баса белгилеп, илимий семинарды жактыруу сунушун берди.

*Чечим:* Өтүлгөн илимий семинар жактырылсын, кафедранын кеңешмесинде протоколдоштурулсун.

Жыйындын төрагасы, кафедра башчы, доцент — Кудуев А.Ж.

Жыйындын катчысы, окутуучу — Токтосун кызы М.